**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА**

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

“28” июль 2026-жылдагы №30 Панфилов айылы

## Республикалык бюджеттен максаттуу трансферттин түшүүсү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34,39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №59 “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси” 55-беренесине ылайык жана Курама айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Б.К.Космосаалыевдин максаттуу трансфертти бөлүштүрүү жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап, ошондой эле Курама айылдык кеңешинин туруктуу бюджеттик комиссиясынын 2026-жылдын 13-июлундагы №01-4/7 протоколунун негизинде, Курама айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинен бөлүнгөн 8 106 700 сом (сегиз миллион бир жүз алты миң жети жүз сом) өлчөмүндөгү максаттуу трансферт каражаты 70629 “Турак жай-коммуналдык чарба” бөлүмүнүн “Башка кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө байланышкан чыгымдар” 2215-беренесине отургузулсун.
2. Курама айыл өкмөтүнө бөлүнгөн максаттуу трансферттин каражаттарын бекитилген багыт боюнча максаттуу жана натыйжалуу пайдалануу, мыйзамдарда белгиленген тартипте тиешелүү иштерди уюштуруу жана алардын өз убагында аткарылышын камсыз кылуу милдеттендирилсин.
3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.
4. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Курама айылдык кеңешинин туруктуу бюджеттик комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары** **Д.М.Манамкулов**